ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**ЖОРОБЕКОВ Ж.Ж.**
lib.knu@mail.ru

# ТРАНЗИТТИК КООМДОГУ УЛУТ

Улут маселелерин совет коомунда изилдөө туюкка барып капталганын айрым эркин ой жүгүрткөн окумуштуулар сезсе деле идеологиянын эбегейсиз чоң машинасы качан өзү кулап жок болгонго чейин улантып келди. Мындай Союздук маанидеги конференциялар Кыргызстанда көп уюштурулган, ошолордун эң акыркысы 1987-жылдын 4-декабрында өткөн республикалык илимий-практикалык «Эмгек коллективинде патриоттук кана интернационалдык тарбия берүү» – деген конференция болуп эсептелинет. Ошондо кайсы бир Москвалык профессор улут маселелериндеги айрым мүчүлүштүктөр, анын теориясы менен практикасындагы кемчилик бул социализмдин табиятында эмес анын бурмаланышы дегендей сыпаттаган.

Ал кезде ошол советтик окумуштуу улут аралык мамилелердин туура эмес жол менен бара жатканын боолгоп сезсе да эми мындан ары улут маселесин башка көз караш, башка баалуулуктардан кароо керек экендигин жеткире түшүнө алган эмес.

Улут маселесин бүгүнкү күндүн контекстинде карап анализ жасай турган болсок, акыйкаттык үчүн моюнга алуу керек, биздин көз караш боюнча, белгилүү мезгилге чейин Совет коомунун турмушунда өзүнүн негизинде бизде улут маселеси ийгиликтүү чечилди деген туура көз караш түзүлгөн эле, анткени бир улуттун башка улуттарды эксплуатациялоосунун жоголушу жана социалисттик негизде улуттардын чыныгы теңдигин камсыз кылууда анын башкы мазмуну формасы жагынан болсо да ийгиликтүү чечилген болучу. Бул марксизм-ленинизмдин негиз салуучуларынын – «башка элдерди эксплуатациялаган эл эч качан эркин боло албайт» деген жобосуна туура келген. Бирок эбегейсиз чоң өлкөдө улуу орус элинин, анын күчтүү тилинин көлөкөсүндө башка көптөгөн майда улуттар калууга туура келген. Албетте бардык эле кичинекей элдер дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктеринен пайдалануу үчүн өзүнөн чоң, эгер мүмкүнчүлүгү болсо, дүйнөлүк тилдерди колдонуусу закон ченемдүү көрүнүш. Ошол кичинекей улуттардын өкүлдөрү орус тили аркылуу жалпы дүйнөлүк прогресске катышканы менен, ошол эле убакта өзүнүн кичинекей улутунун тили, этникалык өзгөчөлүктөрү жоголуп жер жүзүндө этнос катары жашабай калуу коркунучу келип чыккан. Ошол эле улуттардын «борбордон» билим алган, дүйнөлүк маданиятка аралашып калган өкүлдөрүнүн көпчүлүгү бул процессти объективдүү көрүнүш катары карап, өз маданияты, тили жөнүндө маселе көтөргөн адамдарды артта калган консерватор катарында кабыл ала баштаган.

Демек, совет доорунун, айрыкча 60-жылдардан кийинки тарыхы, улуттардын бузулуш доору болду. Бирок илимий конференцияларда, коомдук көп жыйындарда, ал гана эмес улут маселеси боюнча жазылган

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

монографияларда тарыхый-интернационалдык жаңы жаңылыктын феномени катары белгилүү боло баштаган «совет эли» деген наамга ээ болгон көрүнүштүн белгилерин айкындай башташты да - «биздин өлкөдө бирдиктүү совет улуту жаралып келе жатат» - деп үстөкө-босток «теориялык жактан» далилдеп киришти. Бирок мунун аягы, биз көргөндөй, жакшы жыйынтыкка алып келген жок.

Демократия деген феномен бир канча кылымдардан бери жашап келе жаткан мамлекеттерди көрүп, же алар жөнүндө маалыматы бар биздин окумал интеллигенция тез эле ошолордой болобуз деген жалган ишенимге түшүп алып, өздөрүнүн позицияларында оригиналдуу көрүнүш үчүн кээ бир гуманитардык илимдердин «оригинальный» окумуштуу өкүлдөрү, адабиятчылар, чыгармачыл инсандар коомдун өсүп өнүгүүсүндөгү элементардык логиканы четке кагып, ошону менен бүгүнкү күндө коомдо жүрүп жаткан процесстердин маңызы жөнүндө түзүлө турган түшүнүктөргө өздөрүнүн субъективдик көз караштарын кийрүүгө аракет кылышат. Эгерде мындай субъективдүү позициялар улут маселелерине таңуулана турган болсо, улут маселелери боюнча кабары жок калың эл массасынын аң сезимине сиңсе андан келген зыянды бир да экономист эсептеп чыга албайт эле. Ошондуктан «демократтар», окумуштуулар адамдарга, эл массасына, айрыкча Кыргызстанды мекендеген ондогон этносторго берип жатышкан «оригиналдуу» идеялары үчүн чоң жоопкерчиликти сезишсе, ушул багыттагы жоопкерчиликтин проблемасы - бүгүнкү күндүн объективдүү процессинде курч коюлушу талапка туура келет.

Бүгүнкү күндөгү эгемендүүлүктүн эйфориясы, демократиянын шарданасы менен көп этностор байырлап жашаган Кыргызстандай мамлекеттердеги улут мамилелерин анализдеп көрсөк, анан дагы практика көрсөткөндөй, азырынча улуттук мамилелердин чөйрөсү карама-каршылыктардан оолак эмес. Бул баягы биз окуп үйрөнгөн маркстик-лениндик окуудагыдай алар өзүлөрүнүн маңызы боюнча антаганистик эмес болсо да аларды байкамаксандыкка, көрмөмүштүккө салуу, өз убагында ага чара көрбөө -демек алардын тез курчушуна шарт түзүп, көп улуттуу республикага зыяндуу натыйжаларды алып келет.

Демек, Кыргызстанды мекендеген көптөгөн этностор кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын жакшы окуп үйрөнүштөрү керек, себеби ошол өткөн менен азыркы биз жашап жаткан мезгилдин өз ара байланышкан, ошол көптөгөн этностордун өтө кыйынчылык трагедиялык жолдор менен ушул жерди жайлап калуунун өзүн анализдесек гана келечек перспективага көз жүгүртө алабыз. Тарыхты билүү, өткөндү, азыркыны жана келечекти божомолдоого кең жол ачат. Функционалдуу түрдө алар улуттардын социалдык эс акылынын ролун ойношот да, өткөндүн тажрыйбасынан анын позитивдүү жана негативдүү сапаттарын айкындоого жана коомдун баалуулук багыттануулaрын аныктоого мүмкүнчүлүк беришет.

Тарыхый тажрыйба, биз дүйнөлүк тарыхтан билгендей, адамды рационализмге үйрөтөт, демек Кыргызстанды мекендеген көптөгөн этностор

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын үйрөнүүдөн аны тажрыйбасынан көп нерсени үйрөнсө болот. Болбосо биздин өткөн тарых азыркы мезгилге ушул өткөөл убактын керектөөлөрүнө байланышпаса улуттун тарыхый байлыгы жансыз нерсеге айланат. Бүгүнкү күндүн муктаждыктарына жана болочокко кызмат кылууга таптакыр жөндөмсүз болуп, ал тез эле унутулат же реалдуу баалуулугун жоготкон анархизмге айланат. Жыйынтыгында ар бир кийинки муундарга өзүн улуттук сыймыкка татыктуу болгон мурастын ээси катары көрүү улам кыйындайт. Эгерде өз тарыхый өткөндөгүсү анын айрым элементтеринин көрүнүшүндө унуткарылса же ойлонуштурулуп чыкпаган болсо, анда ал «боштукту» «интериоризациянын» эсебинен толуктоонун табыгый керектөөсү келип чыгат.

Бул айрыкча, тилдери салт-санаалары тектеш, жакын региондогу этносторго мүнөздүү. Жалпысынан алганда бул көрүнүш деги эле объективдүү нерсе. Улуттук жактан, өздөштүрүлүп бир биринен алышуу улуттардын материалдык жана руханий маданияттарынын ажырагыс бөлүгү. Ошентсе да, Орто Азия регионундагы илимий чөйрөдө баягы социализмдин убагынан бери эле орто кылымдан кайсы бир окумуштуу же саясий ишмерин азыркы кайсы улутка тиешелүү ,экенин талашып-тартышуу дале уланып келе жатат. Мунун бир гана жолу ошол.

Ошондой эле эки миң жылдык терең тарыхы бар кыргыздар да өз тарыхын болгонун болгондой тастыктап, изилдей албай келишти. Эгемендүүлүктүн жылдарында гана биз Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын жарыялап, Белек Солтоноев [1] баш болгон ондогон тарыхчы окумуштуулардын карт тарыхыбызды чагылдырган китептери жарык көрдү. Биздин заманга чейинки кытай булактарындагы маалыматтар да өзүнчө китеп болуп чыкты[2]. Бул саамалыктар тарыхыбызды терең изилдөөгө салынган алгачкы эле чыйыр десек болот.

Бизде, Кыргызстанда улуттук мамилелердин мазмунун, алардын калыптаныш тагдырын жана тарыхын өнүгүшүнүн перспективаларынын мүнөзүн билүү, ошол эле учурда тарых аркылуу тарбиялоо өзгөчө ролду ойноого чакырылышы керек, себеби зарыл болгон тарыхый байланыштарды түшүнбөстөн, ошонун өзү менен, окуялардын өнүгүшүнүн мүмкүн болуу агымын түшүнбөй туруп, эч кандай ийгиликтүү мамлекеттик улут саясаты болбойт.

Эгемендүү Кыргызстан мамлекетинде улуттук мамилелер коомдук мамилелердин негизги составдык бөлүгү экенине таянып, аларды андан ары бүгүнкү күндүн реалдуулугуна карата өнүктүрбөстөн туруп, акыркы эле жылдардагы ушул маселедеги негативдүү тенденциялардын тамырын аныктабастан жана койбостон туруп, мамлекетти биз каалагандай алга жылдыруу мүмкүн эмес.

Коомдук мамилелерди демократиялаштыруу, аны улуттук мамилелердин чөйрөсүнө кеңири таратуусуз ийгилик келбейт, ошондой эле

улуттардын кызыкчылыктарын кеңири информациялык маалымдуулуктун негизинде практикалык ишке ашыруу керек.

Ошондой эле Кыргызстанда жашаган этностор тарабынан өзүлөрүнүн рухий тарыхый мурастарына жетүүгө, аны үйрөнүүгө умтулуусу прогрессивдүү нерсе. Ал жалаң эле тигил же бул этносту байытпастан, ошондой эле биздин өлкөнү мекендеген жалпы Кыргызстандын калкын байытат, башкача айтканда, Кыргызстандын калкынын рухий байлыгы дайыма улуттук маданияттардын жогорку жетишкендиктери аркылуу улам табигый түрдө көбөйө бермекчи. Ошондуктан Кыргыз Өкмөтү элдердин чыгармачылык потенциалдыгын, алардын тилдерин жана маданияттарынын толук ачылышына, өз ара рухий катнашуу жана өз ара байышына көмөктөшөт.

Кечээки эле биз жашап өткөн өнүккөн социализмдин тушунда орустар кыргыздарга, аларга окшогон майда улуттарга алардын тили, маданияты, тарыхы, традициясы ж.б. салттарына жасаган мамиледей мамилени бүгүнкү Кыргызстандагы титулдук улут кыргыздар Кыргызстандагы башка этносторго жасабашы керек. Белгилүү жазуучубуз Ч.Айтматов айткандай, айкөлдүк, ынтымак жана өз ара жардамдашуу менен биз улуттук биримдикти түзөбүз. Эгер кереги бар болсо, ата-энелер ошону каалаcа жана балдардын саны жетиштүү болсо башка элдер үчүн неге бала бакча ачууга болбосун. Өз балдарын өз тилинде тарбиялоого бардык элдердин укугу бар.

Бүгүнкү күндө, ааламдашуунун жазылбаган мыйзамына ылайык, өзүбүздүн Конституциянын улут маселесин камтыган жоболоруна негиздеп, республикадагы улут маселеси жөнүндө коомдук келишим, башкача айтканда, улут маселесинде коомдук эреже болушу керек. Спортто деле эл аралык мелдештерди өткөрүүдө бирдиктүү бир эрежелерди түзүшүп, бардык катышуучулар ошого баш ийишет го. Ал эми бул жерде улуттардын өз ара карым-катнашы, алардын тагдыры жөнүндө жана ошол мамлекетке атын берген титулдук улуттун ролу жөнүндө сөз болуп жатат. Ошондуктан алгач улуттар аралык мамилелерди иреттештирген эреже зарыл. [3]

Биз азыр дүйнөлүк экономикада, саясатта жана ааламдашуунун аркасынан пайда болгон коопсуздукта радикалдык жаңы моделди түзө турган чекте турабыз. Ошондуктан улут маселеси да бул жагынан артта калбай ааламдашкан дүйнөдө улуттук мамилелердин да жаңы моделин түзүү зарылдыгы келип чыкты. Бул процессте титулдук улут өз ордун татыктуу түрдө табышы керек.

**Адабияттар:**

1. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы.- Бишкек, 2003.
2. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө байыркы кытай тарыхый булактары (б.з.ч.III к.- б.з. IX к.). – Бишкек, 2003.
3. Бул маселеде Малайзиянын тажрыйбасы да көңүлгө аларлык, анткени аларда титулдук улут-малайларга белгиүү өлчөмдө өзгөчө укуктар каралган.